УДК 821,512.154(575.2) (04)
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2021-1 (2)-38-42

**Молдалиева Н.А.**
Н.Исанов атындагы КМКТАУ, кыргыз тили жана адабияты кафедрасы, ага окутуучу
**Молдалиева Н.А.**
Старший преподаватель, кафедра кыргызского языка и литературы, КГУСТА им. Н.Исанова
**Moldalieva N.A.**
Senior teacher, of the Kyrgyz Language and literature Department, KSUCTA N.Isanova

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ АЯЛДАРДЫН ОБРАЗДАРЫ
# ОБРАЗЫ ЖЕНЩИН В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА
# IMAGES OF WOMEN IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV

**Аннотация:** Улуу жазуучубуз Чынгыз Төрөкулович Айтматовдун чыгармаларын келечек муундарыбызга окутууда чыгармаларды жеткиликтүү түшүндүрүп, андагы ар бир каармандын образдарын терең талдатып, эгер оң каарман болсо, ошол каармандардын образдары аркылуу өсүп келе жаткан жаш муундарыбызга тарбия бере билишибиз керек. Бул макалада залкар жазуучубуздун чыгармаларындагы аялдардын образдарына токтолууну туура көрдүм.

**Аннотация:** При обучении будущих поколений, мы должны уметь в полной мере понимать произведения великого писателя Чынгыза Торокуловича Айтматова, глубоко анализировать образы каждого из героев, воспитывать подрастающее поколение через образы этих героев, если они положительные герои. В этой статье, я пришла к решению затронуть женские образы в произведениях великого писателя.

**Annotation:** When teaching future generations, we must be able to fully understand the works of the great writer Chyngyz Torokulovich Aitmatov, deeply analyze the images of each of the heroes, and educate the younger generation through the images of these heroes, if they are positive heroes. In this article, I came to the decision to touch on women's images in the works of the great writer.

**Негизги сөздөр:** жаш муундар, тарбия, келечек, аялдар,каармандар, жан дүйнө
**Ключевые слова:** молодое поколения, воспитание, будущее, женщины, образы, внутренний мир
**Keywords :** young generation, parenting, future, women, images, inner world

Аялдын жан дүйнөсүн, ички сезимин, алай-дүлөй түшүргөн купуя сырларын адабиятка салуу жагынан, албетте, Айтматовдун алдына али эч ким чыга элек. “Балалыгымдын башталыш курагын чоң энем Айымкандын жаркын элеси менен энчилеш эстейм”-деген сөздөрүнөн эле залкар жазуучубуз өзү жакшы аялдардын колунан тарбия алгандыгын билсек болот. Өз энеси Нагима Хамзаевна Абдувалиева-Айтматова да өз кезегинин билимдүү адамы болгон. Чоң энем өз өмүрүндө үч кыз, эки уул көрүптүр. Ошол кыздарынын бири Карагыз апамдын да менин балалыгымдагы орду өлчөөсүз зор”, - деп белгилейт даанышман жазуучу өзүнүн “Балалыгым” аттуу аңгемесинде.(4) Жазуучунун кайсы гана чыгармаларын албайлы, аялдардын образын өтө жогорку деңгээлде ачып, өзгөчө маани берген чебер сүрөткер. Ал өзүнүн гуманисттик идеяларын, принциптерин аялдардын

образдары аркылуу ачууга умтулган.(3) Анын каармандары Толгонайдын, Жамийланын, Сейденин, Жээнгүлдүн, Бекейдин, Зарипанын, “Кассандро тамгасындагы аялдын”, Аселдин ж.б. образдарынын сүймөнчүлүк менен ачылганын билебиз. Айтматовдун чыгармаларында аялдар эч убакта “Аялдын чачы узун, акылы кыска”,тажаал, ажаан, бет тырмаар эмес, тескерисинче үйдүн куту, туткасы, мээримдүү эне, күйөөсүнө берилген сүйкүмдүү жубай, жан дүйнөсү таза , аруу, асылзат, кайраттуу, акылман, кеменгер болуп ачылат.

Ч.Айтматов өз чыгармаларында аялдардын кылган иши адам баласынын жашоосунда өзгөчө орунду ээлерин белгилеген**.** Тагыраак айтканда жазуучу кыргыз аялдарынын дүйнөгө, турмушка болгон көз караштарынын, психологиясынын калыптануу, өсүп-өнүгүү, өзгөрүү эволюциясын, адептүүлүгүн, аруулугун, тазалыгын ар тараптан көркөм иликтөөгө алып, бири-бирин толуктап турган “бүгүнкү күндөгү кыргыз аялдарынын образын” жаратат.

“Саманчынын жолу” повестинде чыныгы кайратына чен жеткис эненин образы берилет. Автор аялзатынын башына эмне түшпөсүн, ал көйгөйдү назиктигине же алсыздыгына салып калтырып койбой, тескерисинче чыйралып, кайталангыс кадамдарды жасарын Толгонайдын образы аркылуу чагылдырып берген. Толгонай кыргыз жеринде жарык дүйнөгө келип, дал ушул жерде өз балдарын багып чоңойткон. Күтүүсүз жерден кирип келген каргашалуу согуш Толгонайды күйөөсүнөн, балдарынан ажыратып, жалгыз калтырат. Үй-бүлөсүндөгү болгон эр жүрөктөрүнүн баарынан айрылган Толгонай кайгырып, мөгдүрөп жатып калган жок. Тескерисинче Субанкул башкарган бригадирликти колуна алып, белин бекем бууп, “согуштагы жигиттерге” деп айылдан буудай чогултуп согушка жиберип, талаада эгин айдап эркектин да жумушун аткарып,келечекке кадам таштай баштады. Ушундай кайратман аялзатынан биздин жаштарыбыз таалим-тарбия алууга эмнеге болбосун? Толгонай өз балдарын атасы Субанкулдай жалтанбас, мээнеткеч, намыскөй кылып тарбиялагандыктан, согуштан жалтайлап качып кала берген жок. Ошентип, Толгонай жеке эле эмгекте үлгү болбостон, ошол кезде күн, түн дебей эң оор кайгыны, жан дүйнөнү жабыркаткан согуштун азаптуу сарсанаасын жеңип чыгып, советтик аялдардын нравалык бийик сапатын жер жүзүнө тааныткан аялдардын бири болгон.

“Жамийла” повести. Бул чыгарманы бекеринен атактуу француз жазуучусу Луи Арагон ”Махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян” деп баалабасы керек. Мында “Таш түшкөн жеринде оор, кыз бала эшикти бир аттагандан кийин баш тартууга болбойт, каргышка калат” – деген сыяктуу эски түшүнүк Жамийланы Садыктын үйүнө калганга аргасыз кылган. Бирок кийин эч кандай сүйүүсү жок эле башы байланып жүргөн Жамийла чыныгы махабатын таап, өзүнүн ак сүйүүсү үчүн кыргыз элинин салт-санаасынын башын аттап, махабатына жетем деп умтулуп, өз бактысын көздөй чечкиндүү кадам таштаган. Муну менен ал жашоо бир эле жолу берилээрин, ар бир адам, аялбы, эркекпи өз бактысы үчүн күрөшүү керектигин билдирген. Бирок, Данияр менен кол кармашып жолго чыкканга чейин Жамийланын жан-дүйнөсүндө канча дүрбөлөң болду.

Ушул бүгүнкү күндөгү кыргыз аялдарынын образдарынын бири – “Кызыл жоолук жалжалым” (Делбирим) повестиндеги Аселдин жана Кадийчанын образдары**.** Асел эмнеси болсо да Жамийла менен Сейдеден кийинки муундардын өкүлү, б.а. алардын сиңдиси десек да болот. Муну төмөндөгүөй кырдаалдан улам байкасак болот: Сейде менен Жамийла эскиликтин торуна түшүп канча убактыларын кетиришкен. Жан дүйнөлөрүнда канчалаган дүрбөлөңдөр болгон. Мына ушул кыргыз кыздарынын өз теңине кошулуу жөнүндөгү маселедеги патриархалдык доордон калган түшүнүктөн арылгандыктарын Аселдин

түшүнүгү, аракеттери менен салыштырып карай келгенибизде Сейде менен Жамийла анын эжелери болуп чыга келишет. Эски түшүнүк деп Асел Сейде сыяктуу чачын агартпайт, же Жамийла өңдөнүп көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрбөйт. Анын Илияска деген сүйүү сезимине өзү гана ээ болуп, өзү гана сезимин башкара алат. Эч бир артка кылчактабай эле баш кошот.

Аселдин бүгүнкү күндөгү кыздарыбыздын өкүлү экендиги жалгыз эле бул сапатынан көрүнбөйт. Ал – башына түшкөн ар кандай кыйынчылыктарда мүңкүрөп кайгы-муңга чөкпөгөн, турмуштан өз ордун таап ала тургандыгына ишенген, келечегине оптимисттик көз караш менен караган бүгүнкү күндүн өкүлү. Чыгармада Аселдин образы чечкиндүү гана эмес, чыдамдуу, туруктуу, боорукер болуп берилет. (1)

Ошондой эле бул повестте дагы бир образ өзгөчө сапаттарга ээ болгон аялзаты -- Кадийча. Кадийча турмуштан жолу болбогон, жашоону башкача көз караш менен караган, ошол эле учурда өз сүйүүсү, бактысы үчүн да күрөшүүгө даяр аялзатынан. Аны бузуку ааял катары көбүрөөк күнөөлөйбүз. Ооба, ал бир үй-бүлөнүн бузулуп кетишине себепчи болду, бирок ошол эле убакта өз бактысы үчүн күрөшүүгө аракет жасады. Андан майнап чыкпаганын түшүндү да, Ильяз экөөнүн ортосунда эч кандай кармап турган үй-бүлөлүк биримдик калбаганын түшүнүп, жакшылыкча гана бакыт тилеп, ажырашууга мажбур болду. Ошол акыркы чечкиндүүлүгү менен ал Ильяздын эсинде калды. “Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт”, - дегендей ар бир адам жаңылат, бирок аны баары эле сезе бербейт, акылдуу адамдар гана жаңылыштыгын мойнуна алат, мына ошолордун бири - Кадийча. Биз адамбыз, бизден да ар кандай жаңылыштыктар кетип турат, ошону кеч болсо да түшүнүү, кайра туура жолго кадам шилтөө керектигин жаш муундарга айтуу керек. Айрымдары катачылыктарын сезип турса да “куру намыс баш жарат” деген түркөй түшүнүккө алдырып, башкалардын алдында кемсинем деген тескери ой менен жүрө берет, бул туура эмес экенин Кадийчага окшогон каармандардын жасаган кадамдарын мисал кылып, жаштарга жеткирүү керек.

“Биринчи мугалим” повестинде биз жолуктурган аялзаты - Алтынай. Алтынай чыныгы кыргыздын сыймыктуу кызы болуп, профессорлук наамга чейин жеткен. Анын мындай ийгиликтерге жетишине Дүйшөндүн гана таасири тийген деп ойлойбуз. Бирок бул жерде Алтынайдын да өзүнүн талыкпаган, тынымсыз эмгеги, аракети жатат. Мындайча айтканда кыргыз кыздарынын жан дүйнөсүндөгү чыныгы жоопкерчилик, ар-намыс, аракетчилдик, эмгекчилдик бар. Эгер Алтынайда биз санап өткөн жогорудагы сапаттардын бири болбосо, анда жогорудагыдай ийгиликке жете алмак эмес. Москвадан билим алып, профессор, академик болгон айымды айыл эли сыйлап төргө отургузганда, бул орундукка мен эмес, Дүйшөн отурушу керек эле деген ойго келет. Мында анын бийик адамгерчилик сапаты, жакшылыкты эч качан унутпаган, окумуштуулук даражасына көөп кетпеген жөнөкөйлүгү көрүнүп турат. Ошол сыйлуу жерге отуруудан уялып, тез эле кетүүгө мажбур болот. Керек болсо, аны сыйлаган элге да таарынган сыяктуу. Дүйшөндү аяп, жолдо өзүнүн бактысына, келечегине жол ачкан “Биринчи мугалимин” сагынып да, ыраазы болуп да, нааразы болуп да, миң түркүн ойлордун туткунунда шаарга кетет... Анын жөнөкөйлүк сапатын жаш муундарга айтып, жөнөкөйлүк – бул чыныгы адам катары калыптануунун чоң себепкери экенин түшүндүрүүбүз абзел.

“Гүлсарат” повестинде керемет аялзаты - Жайдар. Жайдар дегенчелик эле айкөл сапатка ээ. Айкөл дебей анан эмне дейбиз, Танабай Гүлсары жоргосу байге алып, мээнетинен

баар таап турган жылдары көзүнө эч нерсе көрүнбөй, Бүбүжанга ашык болуп, эч кимге, эч нерсеге карабай, өзүнүн гана керт башын ойлоп калган мезгилде, короодо кой карап, сабыр менен күйөөсүн күттү. Жеке өзүнүн гана эмес, Танабай экөөнүн келечегин ойлоду. Бул - Жайдардагы даанышмандык эң жогорку сапаттардын бири. Танабайды Танабай кылган да ошол Жайдар. Ал болбосо, короо-короо кой эмне болмок да, Танабай ошончо ийгиликке жетишмек эмес. Сакмалчылары бар, алар койлорун каралашат, бирок үйдүн очогун тутанткан аялзаты болбосо, эркектин иши оңолбойт эмеспи. Ушул жерден айта кетүү керек, Жайдар аркылуу өтө акылман аялдын образы берилген. Кыргыздар бекеринен: "Эркекти эр кылган да аял, кара жер менен тең кылган дагы аял", "Аял жакшы, эр жакшы", - деп айтышпаган сыяктуу. Бул көрүнүш жаштарыбызга үй-бүлө очогун сактап калуу, балдарды атасыз калтырбоо - кайталангыс, чыныгы тарбия экендигин аңдатат. (2) Ошондой ушул эле чыгармада дагы бир образ – Бүбүжандын образы. Канчалык махабатка толуп-ташып турса дагы, жеке өзүнүн гана керт башын ойлоп өзүмчүл болбой, Танабайдын үй-бүлөсүн бузбайын, үй-бүлөсү сакталып калсын, балдары тирүүлөй жетим калышпасын деп, баланы, үй-бүлөнү жогору койгондугунун өзү эле кандай эрдик. Муну менен автор чыгармадагы адамкерчилик сапатты көркөм чечип берген.

"Атадан калган туяк" аңгемеси. Согуш мезгилинде канчалаган энелер баласыз, кичинекей балдар атасыз, керилген жаш келиндер күйөөсүз калат. Ошондой болсо да белди бек бууган энелер, жаш келиндер кайратмандык менен колхоздо иштеп, өздөрүн эле эмес, балдарын да татыктуу багып, тарбиялоого жетише алышкан. Буга мисал катары чыгармадагы жалгыз бой келин Жээнгүлдү алсак болот. Ал өзүнүн жалгыздыгына, аялзаты экенине карабастан, сүйүктүү күйөөсүнөн калган жалгыз туягын атасыз дедирбей, эч нерседен кем кылбай тарбиялоо үчүн көптөгөн жерлерде иштөөгө аракет жасаптыр. Жээнгүлдүн сабырдуулугу, эмгекчилдиги, мээримдүүлүгү, сүйүктүү жарынан калган жалгыз туякка камкор эне экендиги баланын кызыкчылыгын, келечектин кызыкчылыгын ойлогон аялзатынын үлгүсү катары өсүп келаткан кыздарыбызды тарбиялоого болот.

Чыныгы аялзатын оор сыноодон өткөргөн Ч.Айтматовдун повесттеринин бири - "Бетме-бет". Эскиликтин тору Сейдени канча убакытка чейин өз кучагынан коё бербегендиги баарыбызга белгилүү ."Бардыгы үйдүн ээсине – эркекке гана тиешелүү, ал эмне айтса, аялы андан баш тартууга тийиш эмес" – деген түшүнүк кан-жанына сиңип калгандыктан, дезертир болсо да Сейде күйөөсүнө берилип, качкын Ысмайылды канча убакытка чейин жашырып жүрдү. Ал бирде качкынга кошулуп, күйөөсү Ысмайылдын жасаган кадамдарына макул болсо, кийин анын ыплас, адамгерчиликсиз, айбандык бет кабы ачыла баштаганда, аны менен бетме-бет күрөшүүгө өтөт. Өз колу менен кармап берет. Антпесе күйөөсү чектен чыгып кетмек. Сейде абдан жароокер, жугумдуу, илбериңки, эмгекчил, алган жарынын сүйүктүү жубайы эле. Жубайынын ошол илбериңкилигин, назиктигин, туруктуулугун Ысмайыл өз колу менен талкалап, балта чапты. Анын жесир Тотойдун, чиедей балдарынын уюн уурдап, жеп, анысы аз келгенсип: "Мен согуштан ачкадан өлөм деп качкан эмесмин. Өлгүсү келгендер өлө берсин. Мен жөн эле өлө койбойм, мен жейм, мен уурдайм..." - деген сыяктуу сөздөрү, бир түндө Сейденин капкара чачын куудай агартат. Дегеле ошондой оор жүктү Сейде көтөрө да алмак эмес. Ошентип, бул чыгармасында да жазуучубуз чыныгы кыргыз аялдарынын тээ байыркы замандардан бери эле адилеттик, чынчылдык үчүн күрөшүүчү экенин баса белгилеп, Сейденин образын баса белгилеп, бийик көркөмдөп берет.

“Кылым карытар бир күн” романында да бир канча аялзаты сүрөттөлөт. Алардын эң негизгилеринин бири - Үкүбала. Ал Эдигейдин тагдырына тагдырлаш болуп, бирге туруп, бирге баскан, оор күнүндө таштап кетпеген, климаты татаал Борондуда да Эдигей менен бирге бактылуу турмуш кечире алган аял.(5) Ал да «Гүлсараттагы» Жайдар сыяктуу сүйүүнүн сурап келбес оор учурларында (Эдигейдин Зарипага көңүлү түшүп, аны кыя албай жүргөн маалында), өмүрлүк жолдошуна түшүнүү менен мамиле жасап, сабырдуулугунун натыйжасында өз үй-бүлөсүн сактап калат. Ал эми чиедей балдары менен Абуталиптен ажыраган Зарипа балдарынын келечегин ойлоп, Борондудан кетет. Эдигейдин турмушун бузгусу келген эмес. Ушундай мүнөздөгү аялдар жана алардын ар бир таштаган кадамы биз үчүн кайталангыс тарбия. Келечектеги эне болчу кыздарыбызга ушундай тарбия берсек жаңылышпаган болор элек.

Ар бир улуттун өзүнө гана таандык улуттук көрөңгөсү, баалуулуктары бар. Биз үчүн ушул шартта Ч.Айтматовдун чыгармалары кайталангыс тарбиянын башаты боло алат.Ар бир эле адамдын жашап өткөн өмүр жолу, тагдыр-таржымалы тарых үчүн кызмат кыла бербейт. Ар бирибиз жеке индивидуалдуу инсан болуп калыптанышыбыз үчүн эң сонун идеялар, керемет ойлор менен талыкпас тарбия керек.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Иманалиев К. Кыргыз совет адабияты.  Фрунзе “Мектеп” 1990. 45-бет
2. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_blog_kutbu_nadyrbaeva/29285763.html
3. http://www.ktrk.kg/post/13081/kg
4. Айтматов Ч.Т . Чыгармалардын сегиз томдук жыйнагы. 1-том, -Б., 2008
5. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, - Б.: 2004

**Refenances:**

1.Imanaliev K. Kyrgyz Soviet literature. Frunze “School” 1990. p.45
2. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_blog_kutbu_nadyrbaeva/29285763.html
3. http://www.ktrk.kg/post/13081/kg
4. Aitmatov CH. T. Collection of works in eight volumes. 1-volume, - B., 2008
5 .Kyrgyz literature: encyclopedic textbook/ State language and literature [edit]: B.,2004

УДК 811
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2021-1 (2)-42-58

**Муктарбекова А. С.**
Кыргыз-Түрк Манас университети, Коомдук илимдер институту, Түркология бөлүмү, магистрант,
**Муктарбекова А. С.**
Магистрантка, отделение Тюркологии, Институт социальных наук, Кыргызско-Турецкий университет Манас
**Muktarbekova A. S.**
Master student of the Department of Turkology, Institute of Social Sciences Kyrgyz-Turkish Iniversity Manas